


**Улуттук банк утту**

# ДОО АРЫЗДАР ЖҮЙӨӨСҮЗ ДЕП ТАБЫЛДЫ

***КРнын Конституциялык палатасы «Азия Универсал Банк» АККнын мурдагы жетекчилери Н.Абдразаков менен Ч.Кемпирбаеванын талашы боюнча Улуттук банктын ченемдик-укуктук актыларын конституцияга ылайык келет деп тааныды.***

Кыргыз Республикасынын Конституциялык палатасы Ч.Кемпирбаева менен Н.Абдразаковдун доо арыздарын карап чыгып, анда алар Улуттук банктын айрым ченемдик-укуктук актыларын конституцияга каршы келет деп арызданышкан, бирок ал канааттандырылган жок. Бул ченемдик-укуктук актылардын негизинде, мурда Н.Абдразаков «Азия УниверсалБанк» ААК Башкармалыгынын төрагасы кызматын ээлеген маалда, Ч.С.Кемпирбаева «Азия Универсал Банк» ААКнын вице-президент кызматын аркалаган учурда, алар Улуттук банк тарабынан банктык тажрыйбада алгылыксыз жана кооптуу деп классификацияланган иш-аракеттерге катышы бар деп таанылышкан.

«КР Улуттук банкы коммерциялык банктардын ишмердигин көзөмөлдөөчү орган катары, банктардын бардыгы уруксат берилген ишмердикти жүргүзүүсүн талап кылууга, ал эми банктардын жетекчилиги банк ишмердигинде атайын даярдыктагы жана кынтыксыз абройго ээ болуусун талап кылууга укуктуу. Анткени аларга элдин акча каражаттары менен мүлктөрү ишенип берилет... Милдеттүү талаптарды макулдашуу жол-жобосу КР Улуттук банкына банктардагы жооптуу жетекчилик кызматтарга ишенимдүү адамдардын өтүшүнө мүмкүнчүлүк берет. Эгерде бул адамдар мыйзамдагы нормаларды бузса, анда алар банктарды алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйбага алып барып, муну менен ишенимден кетсе, Улуттук банк аларды берилген укуктун негизинде алмаштырууга акылуу»- деп айтылат КРнын Конституциялык палатасынын соттук чечиминде.

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы лицензиялаган банктар жана айрым финансы-кредиттик мекемелерге карата чара колдонуу жөнүндөгү» Жобонун каралуучу 6.9.3 жана 6.9.4 пункттчалары «КР банктар жана банктардын ишмердиги жөнүндөгү» Мыйзамдын 45-1 беренесинин 1,2,7 бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн. Андыктан, банктагы бардык же айрым жетекчилерди алмаштыруу жана алардын андан ары банк ишмердигин жүргүзүүгө тыюу салуу мыйзамда каралган. «КР банктардын ишмердигин лицензиялоо» Жобосунун 16.1 бөлүмүнүн 5(б) бөлүкчөсү коммерциялык банктардагы жетекчилик кызматка талапкерлерди макулдашуу тартибин регламенттөө, ал «КР банктар жана банктардын ишмердиги тууралуу» мыйзамдын 25-1 беренесинде көрсөтүлгөн деп жазылат Конституциялык палатанын чечиминде.

Жогорудагы келтирилген талаптарды эске алып, Конституциялык палата «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы лицензиялаган банктар жана айрым финансы-кредиттик мекемелерге карата чара колдонуу» Жобосунун 6.9.3 жана 6.9.4 бөлүмдөрүн, ошондой эле, «Банктардын ишмердигин лицензиялоо» Жобосунун 16.1 бөлүмүнүн 5(б) бөлүкчөсүнө карата доогерлердин доомattары негизсис деп эсептелсин деп билдирет. Анткени, жогорудагы мыйзамдар деталдаштырылып жана нормаларды ачып бергендиктен, мыйзамда чектелген талаптардан чыккан эмес.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасы тууралуу» мыйзамынын 46,47,48,51,52 беренелерине таянып, Конституциялык палата «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы лицензиялаган банктар жана айрым финансы-кредиттик мекемелерге карата чара колдонуу» Жобосунун айрым бөлүмдөрү жана «КР банктардын ишмердигин лицензиялоо» Жобосунун КР Конституциясына каршы келбейт деп тааныды. Ч.Кемпирбаева менен Н.Абдразаковдун доо арыздары канааттандырылган жок.

Конституциялык палатанын чечими акыркы болуп эсептелет, ал жарыялангандан тарта күчүнө кирип жана арыздануугa жатпайт.

**Даярдаган Абдимухтар АБИЛОВ, фото Улуттук банктыкы**